Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтмагов атындагы Тил жана адабият институтуна, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине жана Кусеин Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине каранггуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу учун жазылган диссертацияларды коргоо боюнча түзүлгөн Д 10.23.667 ведомстволор аралык диссертациялык кеңештин эксперти, филология илимдеринин кандидаты доцент Асанова Алтын Асановнанын 10.01.10 - журналистика адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу учун берилген **Мамырова Махабат Каримовнанын "Эгемендуу Кыргызстандын түштүк-аймагындагы гезиттердин онүгүүсү" (1991 - 2016 -жылдар) деген темадагы диссергациясына берилген.**

**Корутундусу**

Эксперт изденуучу Мамырова Махабат Каримовнанын "Эгемендуу Кыргызстандын түштүк аймагындалы гезиттердин онүгүүсү" (1991 - 2016 жылдар) деген темадагъх диссертациясын окуп чыгып, төмонкү чечимдерге келди:

1. **Диссертациялык кеңешке диесертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адиетикке инггин дал келиши.**

Сунушталган кандидаттык диссертация кеңештин профилине туура келет.

Кандидатгык диссертацияда 10.01.10. - журналистика адистигинин паспортуна жооп берүүчү эгемендүү Кыргызстандын түштүк аймагындагы гсзиттердин 1991-2016 жылдардын аралыгындагы өнүгүүсүнүн озгөчолүкгорү изилденген.

2. **Иштин максаты** Ош, Жалал - Абад, Баткен областарындагы басма сөздө 1990 - 2016 - жылдарда орун алган өзгөчө учурлар, б.а., ыңкылап, коогалаңдарды чагылдыруунун таржымалын изилдөө жана аларга карата илимий жыйынтык чыгаруу болуп эсептелет.

Изилдөөчүнүн алдына коюлган максат диссертацияда төмөнкү **милдеттерди** аткаруу менен ишке ашкан:

1. Басма сөз тармагынын теориялык негиздерине таянуу менен Кыргыз Республикасындагы аталган изилдөөго чейинки илимий эмгектерди талдоо.

2. Эгемен доорундагы маалымат каражаттарынын өнүгүүсүнүн тарыхый этаптарын аныктоо.
3. Басма сөздү изилдөөнүн методологиясы менен методдорун аныктоо.
4. Ош, Жалал - Абад, Баткен аймактарындагы басма создө орун алган өзгөчөлүктөрдү белгилөө.
5. Экстремалдык кырдаалдарды (Ош - 1990, Баткен - 1999, Аксы - 2002) чагылдырган басма сөздүн материалдарын талдоо.
6. Ыңкылаптардын (Март - 2005, Апрель -2010, Ош - 2010 ) контентин чатылдырган аймактык басма сөздөрдүн материалдарын талдоо.
7. Кыргыз Республикасындагы медиамониторингдердин отчетторундаты жана медиа комиссиянын материалдарындагы түштүк регионго тиешелүү фактыларды анализдөө.
8. Журналисттерге коюлган доо арыздар боюнча соттун чыгарган чечимдеринин укуктук мыйзамдуулугун талдоо.

Аталган **милдеттер** диссертациялык изилдөөдө кандай илимий деңгээлде аткарылгандыгына кыскача токтололу.

Диссертациялык иштин 1 - главасы (15 - 49 - беттер ) "Басма сөздүн теориясы жана методологиясы" деп аталып үч параграфтан турат жана диссертацияда белгиленген биринчи, экинчи, учунчу милдеттерди аткарууга багытталган.

"Басма сөз тармагын изилдөөдөгү теориялык негиздер жана Кыргызстанда жазылган илимий эмгектер" деп аталган биринчи параграфта (15 - 29 бет) журналистикада айрым илимий эмгектер иликтенген. Маселен, Е.Ахмадулин, Э. Багиров, Г.Бакулев, В.Ворошилов жана Кыргыз Республикаснын Г.Ибраева, М.Мырзагулов, А.Дүйшекеева, К. Мамбеталиев сыяктуу окумупггуулардын эмгектериндеги журналистиканын, басма сөздүн өзгөчөлүктөрүнө таянууга аракеттенген.

Бирок, аталган параграфта диссертант басма сөздүн өзгөчөлүктөрүнүн теоррясын жана методологиясын толук ачып бере алган эмес. (30 - 39 - беттер).

Иштин экинчи параграфы "Эгемен доорундагы маалымат каражаттарынын өнүгүүсүнүн тарыхый этаптары" аталып, диссертант 1991 - жылы Кыргызстанда эгемен доору башталганын, медиа совет бийлигинин козөмолүнон бошоп, компартиянын цензурасынан чыга баштаганын, бирок эски бийликти тейлеген

гезиттер кайра эле (борбордо, областарда, райондордо) жаны бийликке кызмаг кылууга өтүшконүн белгилеген. Ар бир областта, ар бир райондо жергиликтүү администрация өз гезиттерин ачышканына, Ош областтык мамлекеттик гезиттерден үчөө кыргыз, орус, озбек тилдеринде чыгып жаткандыгына жана бир гана "Вечерний Фрунзе" газетасы мамлекеттин менчигинен чыгып, эркин басылмага айланганына токтолгон.

Диссертант Ж.Акматбекованын кандидаттык диссертациясындагы эгемендүү доордогу медианын онүгүүсүнүн шартуу этаптарын келтирген (35 -36 беттер).

Ошондой эле Ч. Абдиеванын дагы кандидаттык диссертациясындагы маалымат каражаттарынын тарыхый этаптарына таянуу менен (36 - 37 - беттер) этемеп доорундагы жалпы малымат каражаттарынын өнүгүүсүнүн өзгөчөлүгүнө көңүл буруугa аракеттенген.

Биздин оюбуз боюнча диссертант биринчи главанын аталышына ылайык жалпы малымат каражаттарынын эле эмес, түштүк региондогу басма сөздүн өнүгүүсүнүн тарыхый этаптарына көңүл бурушу зарыл эле.

Үчүнчү параграф "Басма сөздү изилдоонүн методологиясы жана методдору (40 - 46 бегтер) деп аталым диссертант Махабат Каримовна "методология" терминин маниси тактооо менен жалпы илимий методологиянын колдонулушуна жараша функцияларын белгилеген. (40 -- бет).

Журналистиканын методологиясы менен методдорун М.Н. Ким жана Ф. Муниновдун ж.б. окумуштуулардын эмгектерине таянуу мене ачып берүүгө аракеттенген (4 1 - 42 - беттер)

Ошол эле учурда диссертант параграфтын аталышына жараша басма сөздүн методологиясы жана методдорун конкреттепггире алган эмес.

Экинчи глава "Түштүк рсгионундагы басма сөздүн багыттары жана когалуу учурларды чагылдыруунун озгөчөлүкторү" (50 - 114 беттер) деп аталы, ал үч параграфтан турат.

Биринчи параграф "Ош, Баткен жана Жалал - Абад аймактарындагы басма сөз, анын езгөчөлүктөрү" (50 - 85 - беттер) деп аталыш гезиттердин

негизги багыттарын профессор Е. Прохоровдун эмгегине таянуу- менен белгилеген (50 - бет).

Аталган параграфта диссертант "Ош областындагы гезиттер" ( 56 - 74 - беттер), "Жалал — Абад областындагы гезиттер" (74 - 80 -беттер), "Баткен областындагы гезиттер" (80 - 85 - беттер) жана "Түштүк регионундагы басма сөздүн тарыхына көңүл буралы" (75 - 76 беттер), "Областта мамлекеттик статуска ээ эмес б гезит бар" (78 - 80 - беттер) сыяктуу майда подтемаларга бөлүп караган жана конкреттештирүүгө аракеттенген.

Бул подтемалардын ичинен " Түштүк регионундагы басма сөздүн тарыхына көңүл буралы" деген подтема озүнчө бөлүнбөстөн жалпы контенттин ичинде болушу эң зарыл деп эсептейбиз. Ошондой эле "Областта мамлекеттик статуска эз эмес 6 гезит бар" деген подтема дагы конкреттүү областтын изилдөөсү менен гармониялуу берилиш кректигин белгилейбиз.

Диссертант Махабаг Каримовна ар бир областтагы басма сөздөргө мүнөздөмө бере алган. Алардын чыгыш тарыхына, тиражына, статусуна, полосасына жана кайсыл тилдерде жарыкка чыгышаарын конкретүү көрсөтө алган.

Бирок, изилдөөчү газеталардын аталышына жана жогорудагы сурап - билүү маалыматтарына гана токтолуп, басылмалардын материалдарынын озгөчөлүктөрүнө, журналисттик чеберчиликке терең көңүл бурган эмес.

Экинчи параграф "Экстремалдык кырдаалдарды (Ош - 1990, Баткен - 1999, Аксы - 2002) чагылдырган басма сөз" (86 - 104 беттер) деп аталыт, анда автор " 1990 - жылы Ош областындагы трагедиялуу окуя болуп экстремалдык учур жаралган" (986 - бет),.....деп белгилөө менен жогоруда аталгап экстремалдык кырдаалдарга саясий мүнөздөмө берген.

Ошол эле учурда 1989 - жылы Ош облаcгында орус тилинде чыккан "Лениискнй путь" (91 - бет) газетасында жарыяланган А.Мустафинанын "Земные страсти вокруг святой горы", "Ленин йули" Ош областтык мамлекеттик газетадагы "Воду мутят сверху" (93 - бст) материалдары жана "Дело. No" газетасындагы А. Бекназаровдун интервьюсу (98 - бет) жана "Азаттык радиосунун кээ бир материалдары гана талданган.

Мамлекеттин биримдүүлүгүнө, элдердин достугуна коркунуч жараткан экстремалдык кырдааладардын келип чыгыш себебин, аны жоюнун жолдорун, коомчулукту ынтымакка үндөгөн түштүк региондук конкреттүү журналисттердин чыгармалары терең, ар тараптуу изилденбей калган деп эсептейбиз.

Үчүнчү параграф "Ыңкылаптардын (Март - 2005, Апрель - 2010 , Ош - 2010 ) контекстинде иштеген региондук прессанын ролу" (105 - 114 беттер) дел аталы, диссертант бул мезгилдердеги Кыргызстандагы саясий кырдаалдарга толук мүнөздөмө бере алган.

Бирок, март - 2005, апрель - 2010, Ош - 2010 - жылдардаты ыңкылапты чагылдырган түшүнүк региондогу газеталардын негизги магериалдарынын темасы, мазмуну, рубрикасы ж.б. актуалдуу проблемаларына коңүл бурулбай калган.

110 - бетте гана "Жаңы ордо гезитинин рсдактору Бекен Назаралиев жана "Вечерний Бишкек" газетасында материал мисал катары келтирилет.

Үчүнчү бөлүм "Мониторингдердин отчеттору, медиа боюнча комиссиянын материалдары, журналистгерге каршы берилген доо арыздар" жана "Илимий изилдөөнүн жыйынтыгы" деп аталып (115 - 168 -беттер) ал төмөнкү үч параграфтан түзүлгөн:

Биринчи параграф "Кыргызстандагы мониторингтердин отчетгору жана мсдиакомиссиянын материалдары" (түштүк регион боюнча) (115 - 137 - беттер) , экинчи параграф "Журналистгерге коюлган доо арыздар жана ага чыгарган соттордун чечимдеринин укуктук негиздери" (138 - 151 - беттер) үчүнчү параграф "Илимий изилдоонүн жыйынтыгы" (152 - 162 - беттер).

Үчүичү болүмдүн үч нараграфында тец Кыргыз Республикасында маалымат каражатгары боюнча эл аралык жана коомдук уюмдар тарабынап 2000- жылдан баштал жүргүзүлгрн мониторингдердин басымдуу болүгүн диссертант кеңири талдоого алууга аракеттенген.

Бирок, бул аспект түштүк региондун басма создөрүнө байланштуу талданса гана максатына жетмек деп эсептейбиз.

Диссертациянын гемасы **актуалдуу. Биринчи себеби,** азыркы учурга чейин Кыргызстандын түштүк аймагынын гезитгеринин онүгүүсү илимий дэңгээлде изйлденген эмес.

**Экинчи себеби,** туштук аймак геосаясий критерийден алым караганда стратегиялык зор мааниге ээ.

**Үчүнчү себеби,** экстремалдык кырдаалдардын жана ыңкылаптардын шартында басма  сөздүн өзгөчөлүгүн, журналисттердин чыгармачылык ишмердуулугун илимий талдоонун озү иштин актуалдуугун далилдеп турат.

**Илимий натыйжалар:**

Изилдөөдөн алынган илимий натыйжалардын илимий жаңылыгы бар, анткени алгачкы жолу кыргыз журналистикасынын илиминде эгемендүү Кыргызстандын түштүк аймагындагы гезиттердин өнүгүүсү (1991 --2016 жылдар), калптанышы жана айрым озгочолүкгорү изилденген.

Изилдөө процессиндеги диссертант жетишкен илимий көз караштар жана позициялар далилдүү.

**Илимий натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү.**

Кандидаттык диссертациянын негизги жоболору "Журналистика", "Рсклама жана коомчулук менен байланыш адистигинин студенттери, магистранттары, аснирангтары учун окуу - мегодологиялык курал катары жардам бсре алат жана тандоо курстарынын программасын даярдоого өбөлгө боло алат.

Айрым мүчүлүштүктөр:

- 3 главанын аталыны диссертациянын гемасына ылайык түзүлүшүн кайрадан карап чыгуу максатка ылайыктуу;

Диссертациянын илимий аппараты, титулдук баракчадагы структуралык аталыш менен диссертациянын ичиндеги аталыштардын бирдей аталыты, грамматикалык, стилдик мүчүлүштор (кыргызча жана ошол эле учурда орусча жана тескерисинче түшүнүктөрдүн бсрилиши), титулдук баракчадагы бетгердин диссертациясынын ичиндети бстгеринин дал келбеши, шилтемелердин катарлары такталыш керек.

Аталган мүчүлүнггүктөр белгилүү бир мөөнөткө чейин иштелип чыгышы зарыл.

**Эксперт филология илимдеринин кандидаты, доцент** А.А.Асанова

**23.06.23.**

***Эксперттик топтуч мучөсунүн колун тастыктаймын***

**Д. 10.23.667 Дисертациялык кеңешинин окумуштуу кагчысы,ф.и.к.** **Н.Ыйсаева**

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Кыргыз улуттук университетине жана К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу учун жазылган диссертацияларды коргоо боюнча түзүлгөн Д. 10.23.667 ведомстволор аралык диссертациялык кеңештин эксперти, филология илимдеринин кандидаты, доцент Асанова Алтын Асановнанын 10.01.10 - журналистика адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу учун берилген **Мамырова Махабат Каримовнанын "Эгемендуу Кыргызстандын аймактык гезиттеринин өнүгүүсү" (1991-2016-жылдар) деген темадагы кандидаттык диссертациясына берилген**

**Корутундусу**

Эксперт, доцент А.А.Асанова изденүүсү Мамырова Махабат Каримованын "Эгемендуу Кыргызстандын аймагындагы гезиттеринин өнүгүүсү" (1991 -2016 жылдар) деген темадагы диссертациясын окуп чыгып, төмөнкү чечимдерге келди:

**1. Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши:**

Сунушталган кандидаттык диссертацияда 10.01.10-журналистика адистигинин паспортуна жооп берүүчү эгемендүү Кыргызстандын аймагындагы гезиттеринин 1991 -2016-жылдардын аралыгындагы өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрү изилденген. .

Тема актуалдуу жана изилденген маселелер азыркы конвергенттик журналистиканын талаптарына жооп берет.

Диссертациянын түзүлүшү, главалар, параграфтар, мазмуну боюнча изилденген маселелердин логикалык ырааттуулугу менен түзүлгөн.

Киришүүдө изилдөөнүн максаттары, милдеттери, теориялык, мааниси, практикалык баалуулугу, илимий жаңылыгы, коюлган жоболор, жекече салымы, илимий жыйынтыктардын апробацияланышы УАКтын талаптарына ылайык жазылган.

Корутундуда ар бир главадан, параграфтардан келип чыккан жыйынтыктар изилдөөчү М.К.Мамырованын илимий иштин максатына алдыга коюлган милдеттердин туура аткарылышы менен жеткендигин далилдеп турат.

**2. Иштин максаты** Ош, Жалал-Абад, Баткен областарындагы басма сөздө 1991-2016- жылдардын аралыгында орун алган өзгөчө учурлар, б.а., ., ыңкылап , коогаландарды чагылдыруунун таржымалын изилдөө жана аларга карата илимий жыйынтык чыгаруу болуп эсептелет.

Изилдөөчүнүн алдына коюлган максат диссертацияда төмөнкү милдеттерди аткаруу менен ишке ашкан:

1. Басма сөз тармагынын теориялык негиздерине таянуу менен Кыргыз Республикасындагы аталган изилдөөгө чейинки илимий эмгектерди талдоо;

2. Эгемен доорундагы маалымат каражаттарынын өнүгүүсүнүн тарыхый этаптарын аныктоо;

3. Басма сөздү изилдөөнүн методологиясы менен методдорун аныктоо;

4. Ош, Жалал-Абад, Баткен аймактардагы басма сөздө орун алган өзгөчөлүктөрдү белгилөө;

5. Экстремалдык кырдаалдарды (Ош - 1990, Баткен - 1999, Аксы -2002) чагылдырган басма сөздүн материалдарын талдоо;

6. Ыңкылаптардын ( Март - 2005, апрель - 2010, Ош - 2010) келип чыгыш себептерин, алардын жүрүшүн, жыйынтыктарын жанан коомдук пикирлердин пайда болушун чагылдырган аймактык басма сөздүн журналистик тексттердин, мазмундук - тематикалык, жанрдык,стилдик өзгөчөлүктөрдүн жана аудиториясын изилдөө.

7. Кыргыз Республикасындагы эл аралык медиа уюмдардын жана медиа комиссиянын аталган өлкөдөгү массалык маалымат каражаттарынын ишмердүүлүгү боюнча жүргүзүлгөн мониторингтердин негизинде аймактык басма сөзгө талдоо жүргүзүү;

8. Журналисттерге коюлган доо арыздар боюнча соттун чыгарган чечимдеринин укуктук мыйзамдуулугуна баа берүү.

**Коюлган милдеттерге (милдеттерге жетүүнүн этаптары, каражаттары жана методдору ж.б.д.у.с) ылайык максатка жетүү мүмкүнчүлүгүн баалоо:**

Алдыга коюлган илимий максатка жетүү үчүн диссертант М.К.Мамырова тарыхый - салыштырма, типологиялык, синтез, контент - анализ,дискурс-анализ, миниторинг методдордун колдонгон.

Диссертациялык иште журналистиканын теориясындагы В.В.Ворошилов, Е.В.Ахмадулин, С.Г.Короконосенко, Б.В.Мисонжиков, А.Н.Теляшина, А.А.Грабельников аттуу жана андан башка дагы белгилүү бир катар россиялык окумуштуулардын илимий эмгектери пайдаланылган.

**Диссертациянын изилдөө обьектисинин диссертациянын максат жана милдеттерине ылайык келиши:**

Эгемендүү Кыргызстандын аймагындагы гезиттердин өнүгүүсү жана анын ар тараптуу өзгөчөлүктөрү изилдөөнүн объектиси катары диссертациянын максат, милдеттерине дал келет.

Анткени аталган мезгилдин аралыгында Кыргызстандын аймагындагы гезиттерде жарыяланган журналисттик тексттердин талданылышы негизги далил болуп саналат деп эсептейбиз.

**Изилдөө. методдорунун диссертациянын милдеттерине (заманбап аппараттарды колдонуу, лабораториялардын сертификагтарынын, адекваттуу статистикалык иштеп чыгуулардын болушу), ар бир милдети боюнча ылайык келиши:**

***к,***

Диссертант 8 пункттан турган милдеттердин ар биринде тарыхый-салыштырма, типологиялык, синтез, салыштырма-тарыхый, контент-анализ, . дискурс-анализ методдорун колдонуу менен, илимий изилдөө жүргүзүп, конкреттүү жыйынтыктарды чыгарууга аракеттенген. Демек, диссертант М.К.Мамырованын изилдөө методдору анын милдеттерине толугу менен шайкеш келет.

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу:**

Диссертациянын темасы абдан актуалдуу. Себеби, ал төмөнкү факторлор менен далилденет:

1. Азыркы мезгилге чейин Кыргызстандын аймактык басма сөзүнүн өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрү 10.01.10-журналистика адистиги боюнча кандидаттык диссертациянын деңгээлинде изилденген эмес.
2. Кыргызстандын аймактык басма сөзүнүн ишмердүүлүгү геосаясий позициядан алып караганда маалыматтык коопсуздуктун стратегиялык баалуулугу болуп саналат.
3. Экстремалдык кырдаалдардын жана ыңкылаптардын келип чыгышьцалардын коомчулуктагы жагымсыз процесстери, жыйынтыктары, бийликтин чечимдери, иш-аракеттери, коомчулук пикирлердин курчушу, б.а. өзгөчө кырдаал боюнча жазылган журналисттик материалдардын тилдик, стилдик, жанрдык аспектилерин жана журналисттердин чыгармачылык чеберчилигин изилдөө илимий иштин актуалдуулугун далилдеп турат.
4. Кыргыз тилиндеги басма сөздүн материалдарынын изилдениши дагы диссертациянын темасынын актуалдуулугун айгинелейт.

**Диссертацияда коюлган милдеттердин ар бирин чечүү зарылдыгын негиздөөдө илимий адабияттардагы маалыматтарга сынчыл анализ жүргүзүүнүн даражасы жана толуктугу:**

Диссертант М.К.Мамырова теманы изилдөөдө эки багытта иш алып барган.

**Биринчиси.** Журналистиканын салттуу * жана азыркы ааламдашуу мезгилиндеги өзгөрүлүп жаткан конвергентик журналистиканын жаңы түптөлүп келе жаткан теориялык жоболорун салыштырып изилдөө менен теманы ачып берүүдө колдоно алган.

Журналистиканын теориялык базасын талдоодо Кыргыз Республикасынын жана Россия Федерасиясынын окумуштууларынын эмгектерине кайрылган.

**Экинчиси.** Теориялык концепциялардын негизинде жана аларды колдонуу менен аймактык басма сөздүн өзгөчөлүктөрүнүн практикасын обьективдүү изилдөөгө аракеттенген.

**Үчүнчүсү.** Теманы изилдөөдө автор илимий жыйынтыктардын логикалык ырааттуулугун сактаганга жетише алган жана жеке өзүнүн оюн далилдөөгө умтулган.

**3. Илимий натыйжалар.**

М.К.Мамырова кандидаттык диссертациясында эгемендүү Кыргызстандын аймактык гезиттеринин өнүгүүсүн изилдеген кыргыз журналистикасынын, анын ичинде мамлекеттик тилдеги басма сөздөрдүн мындан ары, өнүгүшү үчүн маанилүү, илимий жактан далилденген, жаңычыл төмөнкү илимий-практикалык натыйжаларды ала алган жана алардын жаңычылдыгы белгиленген:

- Басма сөз каражаттарынын коомго тийгизген таасирин жергиликтүү позициядан изилдениши айкындалат.
- Бийлик өкүлдөрү менен журналисттин ортосундагы байланыш масс-медианын эле эмес, мамлекеттин өнүгүшүнө дагы таасирин тийгизээрин далилдей алган.
- Мамлекеттик менчиктеги басма сөздөр бийликтин көзөмөлүнөн чыга албай жаткандыгы белгиленет.
- Көз карандысыз басма сөздөрдүн өзгөчөлүктөрүнүн жана коомго тийгизген таасирин толук изилдениши илимий учурдун маанилүү талаптарынын бири.
- Аймактык басма сөз эркиндигин жана журналисттик этиканы мыйзамдын чегинде сактоо менен жергиликтүү аудиториянын аймактык экономикалык, саясий, маданий, социалдык ж.б. шарттардын өзгөчөлүгүн эске алуу менен өнүгүнгү туура багыт деген жыйынтык чыгара алган.

• Диссертациянын жыйынтыктары жаны кыргыз журналистикасынын илими учун маанилуу жана келечектеги изилдеелерге теориялык жактан багьгг берет.

• Диссертациалык иш 10.01.10-журналистика адистигинин квалификациялык белгилерине туура келет.

**4. Алынган натыйжалардын пракгикалык маанилуулугу.**

Диссертациялык иштен алынган натыйжалардын практикалык мааниси кыргыз журналистикасы учун баалуу жана пайдалуу. Алар томенкулорден турат:

Кыргызстандын жогорку окуу жайларында журналистикасы боюнча сабактардын тематикасын, контентин толуктоого жана кецейтуугв колдонулат;

-Журналистика адистигинин студенттерине, магистрлерине, аспиранттарына жана журналистика багытын изилдеечулерге, окутуучуларга кошумча илимий булак, методикалык керсетмв катары кызмат аткарат.

-Кыргыз журналистикасынын тарыхы боюнча окуу китебин, куралдарын тузууде кошумча материал болуп колдонулат;

-Курстук, дипломдук, квалификациялык жана магистрдик иштерди жазууда колдонулат;

**5. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Диссертациялык иштин тузулушун жана мазмунун чагылдырган мамлекеттик жана расмий тилдерде жазылган авторефераттын тексттериндеги айрым бир стилдик, грамматикалык мучулуштерду эске албаганда изилдеонун максатына жана милдеттерине дал келет, та лапка ылайык аткарылган.

**6. Айрым мүчүлүштүктөр**

1. “Мезгилдүү басма сөздүн теориялык негиздери” (беттер) деп аталган биринчи баптын “Аймактык басма сөз жөнүндө илимий түшүнүк жана анын массалык маалымат каражаттардагы орду жана ролу” (беттер) аттуу биринчи параграфында диссертант М.К.Мамырова аймактык басма сөздүн жалпы басма сөздүн системасында алган ордун жана ролун анын өзгөчөлүтөрүн белгилөөгө аракеттенген, бирок толук, тереӊ ачып бере алган эмес.

2. Аталган параграфтын 11-бетинде “Түшүнүк”, “Илимий түшүнүк”, 12- бетинде “Массалык маалымат каражаттары”, “Ролу”, 28-бетте “Азыркы абалы кандай”, 29-бетте “Тилекке каршы, аймактык басма сөздүн абалы, эми эмне болмокчу”, 34-бетте “Изденүү жолундагы “Ноокат таӊы”, сыяктуу кыска подтемалардын коюлушунун зарылдыгы жок деп эсептейбиз. Бул түшүнүктөр сүйлөмдөрдүн логикалык ырааттулугун сактоо менен стилдик жактан туура түзүлүш керек эле.

3. “Аймактык басма сөздү изилдөөнүн методологиясы жана методдору” (беттер) деп аталган биринчи главанын “Аймактык газеталардын негизги типтери” деген биринчи параграфында илимий изилдөөнүн колдонулган меттоддорун ачып берүүгө аракеттенген, бирок аймактык газеталардын типтери толук көрсөтүлбөй калган.

4. “Эгемендүү Кыргыз Республикасынын аймактык газеталарын калыптанышынын жана өнүгүшүнүн өзгөчөлүктөрү” (беттер) атту глава диссертациялык иштин эӊ маниилүү бөлүгү. Аталган главанын “Ош жаӊырыгы”, “Ош шаӊы”, “Баткен таӊы”, “Акыйкат” газеталарынын контентинин негизи проблематикасы жана аудиториясы (беттер) деп аталган биринчи параграфтын журналистиканын теориясы жана практикасы үчүн дагы баалуу болуп саналат. Диссертант М.К.Мамырова теориялык негиздерде таянуу менен аймактык газеталардын аспектилерин изилдеп чыгып, жыйынтык берүүгө аракеттенген. Бирок, Ош, Баткен, Жалал-Абад

материалдын өзгөчөлүктөрүнө, журналисттик чеберчиликтин критейлирине аз көңүл бурулган.

>

5. Аймактык басма сөздөрдүн материалдарынын негизги проблематикасы, мазмуну жана рубрикалары толук ачылбай калган.

**7 Сунуштар:**

**Жетектөөчү уюмду, расмий оппоненттерди даярдоо жөнүндө сунуштун негиздүүлүгү.**

Диссертациалык кеңештин эксперттик коммисиясы бул кандидаттык диссертация боюнча **жетектөөчү уюм** катары **1**0.01.**1**0-журналистика Б.Н.Ельцин атындагы Кыргыз-Славян университетинин эл аралык журналистика кафедрасын бекитүүнү сунуш кылат.

**Биринчи расмий оппонент** катары изилдөөнүн проблемасына жана объектилерине жакын эмгектери бар

Филология илимдеринин доктору **Султанова Жыпар Омpraванын**

(Кыргыз-Славян университети) сунуштоого болот.

1. Жанровое своеобразие газет Кыргызстана в первые годы переходного периода (на материалах 1991-1992 гг.): Дисс...канд. филол.наук. - Душанбе, 2014.;

2. История, состав и значение первой радиостанции “Кыргыз радиосу” (1931-2016 гг..): Дисс...д-ра филол.наук - Душанбе, 2019;

3. История создания и жанровые особенности первой кыргызскоязычной газеты «Эркин-тоо» (совр. «Кыргыз Туусу»)//Вопросы языка, литературы и искусства. - Бишкек: Институт языка и литературы им. Ч.Т. Айтматова НАН КР, 2013. - №1,2 (13, 14). - С. 456-459;

4. Особенности современных передач «Кыргыз радиосу»// Вестник Таджикского государственного университета права, бизнеса и политики. - Серия гуманитарных наук. - Худжанд, 2018. - № 2 (75). - С. 101-109;

**5.** Этапы становления и развития радиостанции «Кыргыз радиосу»: монография. -Бишкек: Изд-во КРСУ, 2020. - 200 с. 18ВИ 978-9967-19-720-6;

**6.** Проблемы влияния цифровых технологий на трансформацию медиаобразования на примере использования электронных книг и конвергентных СМИ / Ж. О. Султанова // Вестник Кыргызско-Российского Славянского университета. - 2022. - Т. 22. - № 2. - С. 161-165;

**7.** Тематические и структурные характеристики некоторых культурно-просветительских и образовательных детских телепередач в России и Кыргызстане (на примере программ телеканалов "Карусель" и "Баластан") / Ж.

0. Султанова // Вестник Кыргызско-Российского Славянского университета. - 2022. - Т. 22. - № 6. - С. 170-182.

**Экинчи расмий оппонент** изилдөөнүн проблематикасына, обьектисине жакын филология илимдеринин кандидаты **Акматбекова Жанара Адылбековнаны** сунуштоого болот.

1. Кыргызстанда 2010-2014-жылдар аралыгында телеберүүнүн өнүгүү тенденциясы Ж. Баласагын КУУнин жарчысы. 2015 №2 . - 66-71-б.

2. Кыргызстанда радиостанциялардын өнүгүү тенденциялары Ысык-Көл университетинин жарчысы. 2015 (40). -266-270-б.

3. Кп^шзЫпМа 2010-2014 1апЫеп агазшба 1е1еҮ12уопип §еНфтı Эларалык түрк дүйнөсүн изилдөө симпозиуму (толук текст) 2015-жыл 20 -23-май, Казакстан, Алматы шаары. II том, - 144-148-б. *

4. Свобода слова в СМИ Кыргызстана Ьцр://\үт¥. аргоЪаша.ш/ Научный журнал Апробация г. Махачкала, РФ. 2015, №11 (8). стр. 78-81.

5. Сштеп! з1а1е оНМазз МесНа ıп Куг^угзЫп Ьцр://зс1гер.ги/ Вопросы науки г. Воронеж, РФ. 2015, Т 8. стр. 46-53.

**8. Сунуштамалар:**

Диссертациянын кеңейтилген вариантын монография катары иштеп чыгып, жарыкка чыгарууга болот.

**9. Корутунду**

Мамырова Махабат Каримовнанын «Эгемендүү Кыргызстандын аймактык гезиттеринин өнүгүүсү» (1991 -2016-жылдар) деген темада жазылган кандидаттык диссертациясы Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясынын “Илимий даражалард ыйгаруу тартиби” жөнүндөгү жобосуна ылайык аткарылган.

**10. Диссертациялык кеңештин эксперти сунушталган доккументтерди карап чыгып,** КР УИАнын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институту, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети менен К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу илимдин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо үчүн түзүлгөн Д. 10.23.667- диссертациялык кеңешине 10.01.10-журналистика адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган Мамырова Махабат Каримовнанын “Эгемендуу Кыргызстандын аймактык гезиттеринин өнүгүүсү” (1991-2016-жылдар) деген темадагы кандидаттык диссертациясын

**Эксперт, филология** **А.А.Асанова**

**27.05.24**

***Эксперттик топтун мүчөсүнүн колун тастыктаимын***

**ДЛ 0.23.667 Диссертациялык кеңешинин**

**Н.Ыйсаева**

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер ака.цемиясынын Ч.Айтматов атындагы 'Гил жана адабият институтуна, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине жана Кусеин Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине карапггуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу учун жазылган диссертацияларды коргоо боюича түзүлгөн Д. 10.23.667 ведомстволор аралык диссертациялык кеңештин эксперти, филология илимдеринин кандидаты, доцент Асанова Алтын Асановнанын 10.01.10 - журналистика адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумунггуулук даражасын изденип алуу учун берилген **Мамырова Махабат Каримовнанын "Эгемендуу Кыргызстандын аймактык гезитзеринин онүгүүсү" (1991-2016-жылдар) деген гемадагы кандидаттык диссертациясына берилген**

**Корутундусу**

Экснерт, доцент А.А.Асанова изденуучу Мамырова Махабат Каримовнанын "Эгемендуу Кыргызстандын аймактык гезиттеринин онүгүүсү" (1991 -2016 жылдар) деген темадагы диссертациясын окуп чыгып, төмонкү чечимдерге келди:

**1. Диссер гациялык кецешке диссертацияларды коргоою кабыл алуу** укугу **берилген адистикке иштин дал келиши:**

- Сунушталган кандидаттык диссертация кеңештин профилине туура келст.
- Кандидаттык диссертацияда 10.01.10-журналистика адистигинин паснортуна жооп берүүчү эгемендүү Кыргызстандын аймактык гезиттеринин 1991-2016-жылдардын аралыгыпдагы өнүгүүсүнүн өзгочолүктөрү изилденген.
- Тема актуалдуу жана изилдепгеи маселелер азыркы конвергештик журналистиканын галаптарына жооп берет.

- Диссертациянын түзүлүшү, главалар, параграфтар, мазмуну боюнча изилденген маселелердин логикалык ырааттуулугу менен түзүлгөн.
- Киришүүдө изилдөөнүн максаттары, милдеттери, теориялык, мааниси, практикалык баалуулугу, илимий жанылыгы, коюлган жоболор, жекече салымы, илимий жыйынтыктардын аиробациянанышы УАКгын талаптарына ылайык жазылган.
- Корутундуда ар бир главадан, параграфтардан келип чыккан жыйынтыктар изилдөочү М.К.Мамырованын илимий иштин максатына жетүү үчүн коюлган милдеттердин туура аткарылышы менен жеткендигин далилдеп турат.

Баса белгилей кетчү фактор эксперттик кортундунун экинчи вариантында көрсөтүлгөн кандидаттык диссертациядагы кемчиликтерди эске алып, изилдөөчү М.К. Мамырова кайрадан оңдоп жазып чыккан.

Алар төмөнкү кемчиликтер жана кайрадан жазып чыккан контенттер болду:

1а. «Басма сөз тармагын изилдөөдөгү теориялык негиздер жана Кыргызстанда жазылган илимий эмгектер» аттуу биринчи параграфта диссертант басма сөздүн теориясын жана методологиясын толук ачып бере алган эмес (30-39-беттер).

1б. Аталган параграф «Аймактык басма сөз жөнүндө илимий тушунук жана анын массалык каражаттарындагы ролу» деп туура аталып, изилдөочү М. К. Мамырова аймактык басма сөздүн теориялык жана системасында ээлеген өзгөчөлүктөрүн ачып берүүгө аракеттенген (8-33-беттер);

2а. Үчүнчү параграф «Басма сөздү изилдөөнүн методологиясы жана методдору (40-46-бетт:ер) деп аталып, изилдөөчү Махабат Каримовна

берүүгө аракеттенген (41-42 беттер), ошол эле учурда М.К.Мамырова параграфтын аталышына жараша басма сөздүн методологиясы менен методдорун конкреттештире алган эмес;

26. Бул параграф кыскартылып анын ордуна « Аймактык басма сөздү изилдөөнүн методологиясы жана методдоруу» деген экинчи баптын киргизиши диссертациянын максатына жана милдеттерине жооп берет

( П2 - 100 беттер)

3а. Экинчи глава «Түштүк регионун басма сөздүн багыттары жана когалуу учурларды чагылдыруунун өзгөчөлүктөрү» (50-85 бетгер) «Ош областындагы гезиттер» (56-74-беттер), «Жалал-Абад областындагы гезитгер» (74-80-беттер) «Баткен обласгындагы гезиттер» (80-85-беттер) «Түштүк регионудагы басма сөздүн тарыхына коцүл буралы» (75-76-беттер), «Областта мамлекеттик статуска ээ эмес 6 гезит бар» (78-80-беттер) сыякгуу майда подтемаларга бөлүп караган.

Бул подтемалардын ичинен акыркы эки подтема контенттин ичинде гармониялуу түрдө берилиш керектигин белгилейбиз.

36. Бул главанын аталышы «Аймактык гезиттердин калыптанышы жана өнүгүүнүн өзгөчолүкторү» деп жаныча аталыгг, ал «Жети аймактын гезиттери жана олкодогү саясый кырдаалдар», «Д'га Мекендик жана эл аралык медиа уюмдардын ишмердүүлүгү, алардын аймактык гезиттерге тийгизген таасири», «Журналистердин укугу, милдети жана этикасы», «Басма созго тиешелүү доо арыздар» деген торт парграф жакшы иштелип чыккан (101-163-беттер) жана подтемалар туура алынып 3-бет.

4а. Изилдөөчү газеталардын аталышына жана сурап билүү маалыматтарына гана токтолуп, басылмалардын журналисттик чеберчиликтерине терең көңүл бурган эмес;

4б. Диссертант М.К. Мамырова аймактык газеталарга жарыяланган материалдардын негизги мазмунун талдоо менен журналисттик чеберчиликтин тематикалык өзгөчөлүктөрүн талдоого аракеттенген.

5а. 1989-жылы Ош областында орус тилинде чыккан «Ленинский путь» (91-бет) газетасында жарыяланган А.Мустафинанын «Земные страсти вокруг святой горы», «Ленин йули» Ош областтык мамлекеттик газетадагы (93-бет) «Воду мутят сверху» материалдарьт, «Дело№» газетасындагы А.Бекназаровдун интервьюсу (98-бет) жана «Азаттык» радиосунун кээ бир материалдары гана талданган.

5б. Жети облустун негизги газеталарынын саясий тематикадагы материалдарын белгилүү децгээлде изилдеп чыккан.

6. Мамлекеттин биримдүүлүгүнө, элдердии досгугуна коркунуч жараткан экстремалдык кырдаалдардын келип чыгыш себебин, аны жоюнун жолдорун, коомчулукту ынтымакка үндөгөн аймактык журналисттердин чыгармалары терең, ар тараптуу изилденбей калган деп эсептейбиз.

Жог орууда аталган кемчиликтерди диссертант Махабат Каримовна диссертациянын планын кайрадан үчүнчү жолу конкреттүү иштеп чыгуу менен жоюуга аракеттенди.

2. **Иштин максаты** Жети областагы басма сөздө 1991 - 2016 - жылдарда орун алган өзгөчө учурлар, б.а., ыңкылап,коогалаңдарды чагылдыруунун таржымалын изилдоо жана аларга карата илимий жыйынтык чыгаруу болуп эсептелет. Изилдөөчүнүн алдына коюлган максат диссертацияда төмөнкү милдеттерди аткаруу менен ишке апткан:

1. Басма сөз тармагынын теориялык негиздерине таянуу менен Кыргыз Ресиубликасындагы аталган изилдөөгө чейинки илимий эмгектерди талдөө;

2. Эгемен доорундагы маалымат каражаттарынын өнүгүүсүнүн тарыхый этаптарын аныктоо;

3. Басма сөздү изилдөөнүн методологиясы менен методдорун аныктоо;

4. Жети аймактардагы басма создо орун алган өзгөчөлүктөрдү белгилөө;

5: Экстремалдык кырдаалдарды (Ош - 1990, Баткен - 1999, Аксы - 2002) чагылдырган басма сөздүн материалдарын талдоо;

6. Ыңкылантардын ( Март - 2005, апрель - 2010, Ош - 2010) келип чыгыш себептерин, алардын жүрүшүн, жыйынтыктарын жанан коомдук пикирлердин пайда болушун чагылдырган аймактык басма сөздүн журиалисттик тексттердин мазмундук - тематикалык, жанрдык, стилдик өзгочөлүктөрдүн жана аудиториясын изилдөө;

7. Кыргыз Республикасындагы эл аралык медиа уюмдардын жана медиа комиссиянын аталган өлкөдөгү массалык маалымат каражатгарынын ишмердүүлүгү боюнча жүргүзүлгөн мониторинггердин негизинде аймактык басма сөзгө талдоо жүргүзүү;

8. Журналисттерге коюлган доо арыздар боюнча соттун чыгарган чечмдеринин укуктук мыйзамдуулугуна баа берүү.

**Коюлган милдеттерге (милдеттерге жетүүнүн этаптары, каражаттары жана методдору ж.б.д.у.с) ылайык максатка жетүү мүмкүнчүлүгүн**

баалоо:

Алдыга коюлган илимий максатка жетүү үчүн диссертант М.К.Мамырова тарыхый - салыштырма, типологиялык, синтез, контент -

Диссертациялык иште журналистиканын теориясындагы В.В.Ворошилов, Е.В.Ахмадулин, С.Г.Короконосенко, Б.В.Мисонжиков, А.Н.Теляшина, А.А.Грабельников аттуу жана андан башка дагы белгилүү бир катар россиялык окумуштуулардыи илимий эмгектери пайдаланылган.

**Диссертациянын изилдөө обьектисинин диссертациянын максат жана милдеттерине ылайык келиши:**

Эгемендүү Кыргызстандын жети аймагындагы гезиттердин өнүгүүсү жана анын ар тараптуу өзгөчөлүктөрү изилдөөнүн объектиси катары диссертациянын максат, милдеттерине дал келет.

Анткени аталган мезгилдин аралыгында Кыргызстандын аймагындагы гезиттерде жарыяланган журналисттик тексттердин талданылышы негизги далил болуп саналат деп эсептейбиз.

**Изилдөө методдорунун диссертациянын милдеттсрине (заманбап аппараттарды колдонуу, лаборагориялардын сертификаттарынын, адекваттуу статистикалык иштеп чыгуулардын болушу), ар бир милдети боюнча ылайык келиши:**

Диссертант 8 пункттан турган милдеттердин ар биринде тарыхый-салыштырма, типологиялык, синтез, салыштырма-тарыхый, контент-анализ, дискурс-анализ методдорун колдонуу менен, илимий изилдөө жүргүзүп, конкреттүү жыйынтыктарды чыгарууга аракеттенген. Демек, диссертант М.К.Мамырованын изилдөө методдору анын милдстгерине толугу менен шайкеш келет.

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу:**

Диссертациянын темасы абдан актуалдуу. Себеби, ал төмонкү факторлор менен далилденет:

- Азыркы мезгилге чейин Кыргызстандын аймактык басма сөзүнүн онүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрү 10.01.10-журналистика адистиги боюнча кандидаттык диссертацияныи деңгээлинде изилденген эмес.

- Кыргызстандын аймактык басма сөзүнүн ишмердүүлүгү геосаясий позициядан алып караганда маалымаятык коопсуздуктун стратегиялык баалуулугу болуп саналат.
- Экстремалдык кырдаалдардын жана ыңкылаптардын келип чыгышы, алардын коомчулуктагы жагымсыз процесстери, жыйынтыктары, бийликтин чечимдери, иш-аракеттери, коомдук пикирлердин курчушу, б.а. өзгөчө кырдаал боюнча жазылган журналисттик материалдардып тилдик, стилдик, жанрдык аспектилерин жана журналисттердин чыгармачылык чеберчилигин изилдөө илимий иштин актуалдуулугун далилдеп турат.
- Кыргыз тилиндеги басма сөздүн материалдарынын изилдениши дагы диссертациянын темасынын актуалдуулугун айгинелейт.

**Диссертацияда коюлган милдеттердин ар бирин чечүү зарылдыгын негиздөөдө илимий адабияттардагы маалыматтарга сынчыл анализ жүргүзүүнүн даражасы жана толуктугу:**

Диссертант М.К.Мамырова теманы изилдөөдө эки багытта иш алып барган.

**Биринчиси.** Журналистиканын салттуу жана азыркы ааламдашуу мезгилиндеги өзгөрүлүп жаткан конвергентик журналистиканын жаңы түптөлүп келе жаткан теориялык жоболорун салыштырып изилдөө менен теманы ачып берүүдө колдоно алган. Журналистиканын теориялык базасын талдоодо Кыргыз Республикасынын жана Россия Федерасиясынын окумуштууларынын эмгектерине кайрылган.

**Экинчиси.** Теориялык концепциялардын негизинде жана аларды колдонуу менен түштүк аймактык басма сөздүн өзгөчөлүктөрүнүн практикасын обьективдүү изилдөөгө аракеттенген.

**Үчүнчүсү.** Теманы изилдөөдө автор илимий жыйынтыктардын логикалык ырааттуулугун сактаганга жетише алган жана жеке өзүнүн оюн

М.К.Мамырова кандидаттык диссертациясында эгемендүү Кыргызстандын аймактык гезиттеринин өнүгүүсүн изилдеген кыргыз журналистикасынын, анын ичинде мамлекеттик тилдеги басма сөздөрдүн мындан ары, өнүгүшү үчүн маанилүү, илимий жактан далилденген, жаңычыл төмөнкү илимий-практикалык натыйжаларды ала алган жана алардын жаңычылдыгы белгиленген:

- Басма сөз каражаттарынын коомго тийгизген таасирин жергиликтүү позициядан изилдениши айкындалат.
- Бийлик өкүлдөрү менен журналисттин ортосундагы байланыш масс- медианын эле эмес, мамлекеттин өнүгүшүнө дагы таасирин тийгизээрин далилдей алган.
- Мамлекеттик менчиктеги басма сөздөр бийликтин көзөмөлүнөн чыга албай жаткандыгы белгиленет.
- Көз карандысыз басма сөздөрдүн өзгөчөлүктөрүнүн жана коомго тийгизген таасирин толук изилдениши илимий учурдун маанилүү талаптарынын бири.
- Аймактык басма сөз эркиндигин жана журналисттик этиканы мыйзамдын чегинде сактоо менен жергиликтүү аудиториянын аймактык экономикалык, саясий, маданий, социалдык ж.б. шарттардын өзгөчолүгүн эске алуу менен өнүгүшү туура багыт деген жыйынтык чыгара алган.
- Диссертациянын жыйынтыктары азыркы кыргыз журналистикасынын илими үчүн маанилүү жана келечектеги изилдөөлөргө теориялык жактан багыт берет.
- Диссертациалык иш 10.01.10-журналистика адистигинин квалификациялык белгилерине туура келет.

**4. Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү.**

Диссертациялык иштен алынган натыйжалардын практикалык мааниси кыргыз журналистикасы үчүн баалуу жана пайдалуу. Алар төмөнкүлөрдөн турат:

-Кыргызстандын жогорку окуу жайларында журналистикасы боюнча сабактардын тематикасын, контентин толуктоого жана кеңейтүүгө колдонулат;

-Журналистика адистигинин студенттерине, магистрлерине, аспиранттарына жана журналистика багытын изилдөөчүлөргө, окутуучуларга кошумча илимий булак, методикалык көрсөтмө катары кызмат аткарат.

-Кыргыз журналистикасынын тарыхы боюнча окуу китебин, куралдарын түзүүдөө кошумча материал болуп колдонулат;

-Курстук, дипломдук, квалификациялык жана магистирдик иштерди жазууда колдонулат.

**Диссертациянын материалдарды төмөнкү документтерде, материалдарда жана шилтемелерде колдонулду:**


1. Мамырова, М. К. Чындыктын шам чырагындай болгон Чыңгыз Айтматов [Текст] / М.К.Мамырова // ОшМУнун Жарчысы IV чыгарылышы. – 2016.– № 4. – 84-87-б. ISSN 1694-7452 https:// www. elibrary.ru /download/ elibrary_ 28198781 39779488.pdf
2. . Мамырова, М. К. Чыңгыз Айтматовдун көркөм маалыматтарды чыгармада чагылдыруу чеберчилиги [Текст] / М.К. Мамырова // Ош МУнун Жарчысы. – 2016. – №3. – 237-241-б.ISSN1694-7452https:// www. elibrary.ru/ download/elibrary_ 30547505 24509866.pdf
3. Мамырова, М.К. «Кыргыз туусу» гезитинин тарыхый барактарына саресеп [Текст] / М.К. Мамырова // Ош МУнун Жарчысы. – 2016. – №3. – 291-295-б.ISSN1694-7452https://www.elibrary.ru/download/elibrary_30547521_26236092.pdf

4. Мамырова, М.К. Положительные и отрицательные стороны СМИ на юге Кыргызстана [Текст] / М.К.Мамырова//Ош МУнун Жарчысы.– 2017. №3. – 126-129-б.ISSN1694-7452https://www.elibrary.ru/download/ elibrary _30714968 63369882.pdf

5. Мамырова, М. К. Ч. Айтматов – XX кылымдын көркөм сөз өнөрүнүн корифейи[Текст] / М.К. Мамырова //Ош МУнунЖарчысы.– 2018. – №4. – 117-123-б. ISSN 1694-7452https://www.elibrary.ru/download/ elibrary_ 37074081 89178140.pdf

6. Мамырова, М. К. Газеты южного региона Кыргызстана в период независимости (доклад) [Текст] / М.К. Мамырова //Форум молодых ученых. – 2018. – №9(25). – С. 533-537ISSN 2500-4050https://www.elibrary.ru/item.Asp?id=36457153

7. Мамырова, М. К. Кыргызстандагы экинчи «Ош окуясынын» басма сөздөгү чагылдырышы жөнүндө (2010-жыл, июнь) [Текст] / М.К. Мамырова // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2018. – № 6.–175-177-б. ISSN 1694-7649https://www.elibrary.ru/download/elibrary_36423575_53391549.pdf

8. Мамырова, М. К. Кыргызстандын «Ош окуясынын» учурундагы массалык маалымат жөнүндө (1990-жыл, июнь)[Текст] / М.К. Мамырова // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2018. ISSN 1694-7649https://www.elibrary.ru/download/elibrary_36423578_41070382.pdf

9. Мамырова, М. К. «Освещение в СМИ межэтнических отношений» (на примере ошского региона) (доклад) [Текст] / М.К.Мамырова // Өзбекстан Республикасы Ташкент. – «Онлайн журналистикасы» – 2018. – №1/02. – www.seience.kg

10. Мамырова, М. К. Влияние социальных сетей на мировоззрение молодежи [Текст] / М.К. Мамырова // Өзбекстан Республикасы Бердах атындагы каракалпак атындагы универститети. – 2019. – 102-107-б.ISBN 978-9943-5744-0-3https:// iopscience. iop.org/article/ 10.1088/1742- 6596/ 1889/ 2/022030.

11. Мамырова, М. К. Жаштардын дүйнө таанымына жана көз караштарына социалдык тармактардын тийгизген таасири (статья) [Текст] / М. К. Мамырова // ОшМУнун Жарчысы.– 2019. – №3. – 145-149-б.ISSN1694-7452https://www.elibrary.ru/download/elibrary_42965448_85779244.pdf

12. Мамырова, М. К. Макалалардын жанр жактан бөлүнүшү жана алардын мазмуну (статья) [Текст] / М.К. Мамырова //ОшМУнун Жарчысы.– 2019. – №3. – 151-153-б.ISSN1694-7452https://www.elibrary.ru/download/elibrary_42965449_47811868.pdf

13. Мамырова, М. К. Электрондук басма сөздүн орду жана бөлүктөрү (статья) [Текст] / М.К. Мамырова // Известия ВУЗов Кыргызстана. –2019. – №11. – 151-155-б.ISSN1694 7681https:// www.elibrary.ru/ download/elibrary _45642132 _96883675.pdf

14. Мамырова, М. К. Online training of students of applied physics in the field of circuitry(статья)[Текст] /М.К. Мамырова//Journal of Physics: Conference Series. – 2021. Vol. 1889. 022030 7-бет. 40-бал.5/4D.Luchaninov, R Bazhenov ...баары 5 адамhttps://iopscience.iop.org/article/10.1088/1742-6596/1889/2/022030

15. Мамырова, М. К. Кыргызстан: Судебные иски к журналистам в защиту чести презитента А. Атамбаева [Текст] / М.К. Мамырова // IV Международная научно-практическая конференция. Приоритетные векторы развития промышленности и сельского хозяйства. – Макеевка. – 2021. https://cloud.mail.ru/public/RES8/eyXnAHbGf

16. Мамырова, М. К. Басма сөздөгү редактордун кызматы жана ролу [Текст] / М.К. Мамырова //Ош МУнун Жарчысы. – 2021. Т.2. – №4. – 1280-1288-б. ISSN1694-7452https://www.oshsu.kg/storage/uploads/files/11630489828 Pedagogika i psiho logiYubiley _Momunaliev_S._2021.pdf

17. Мамырова, М. К. Кыргыз басма сөзү жана анын тарыхы [Текст] / М.К. Мамырова //Ош МУнун Жарчысы.– 2021. Т.2. – №4. – 1289-1295-б. ISSN1694-7452https://www.oshsu.kg/storage/uploads/files/11630489828Pedagogika i psihologiYubiley Momunaliev_S._2021.pdf

18. Мамырова, М. К. «Кровавое воскресенье» на юге Кыргызстана: отражение события 2002 года в СМИ страны (доклад) [Текст] / М.К. Мамырова // Медиаландшафт россии и мира: прошлое, настоящее и будущее. // сборник научных статей. – Москва. – 2021. – С. 370-375.ISBN 978-5-209-10912-9https://www.elibrary.ru/item.asp?id=46242326

19. Мамырова, М.К. Роль электронной прессы в СМИ [Текст] / М.К. Мамырова //сборник научных статей. – Нижневартовск Россия https:// elibrary.ru /item.asp?id=47469575;https://www.archive-bulletennauki.com/article/73/54

**5. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Диссертациялык иштин түзүлүшүн жана мазмунун чагылдырган мамлекеттик жана расмий тилдерде жазылган автореферattын текстериндеги айрым бир стилдик, грамматикадык мүчүлүштөрдү эске албаганда изилдөөнүн максатына жана милдеттерине дал келет, талапка ылайык аткарылган.

**6. Айрым мүчүлүштүктөр**

1. “Аймактар басма сөздүн теориялык негиздери” деп аталган биринчи бантыи “Аймактык басма сөз жөпүндө илимий түшүнүк, анын массалык маалымат” каражаттарындагы орду жана ролу” аттуу биринчи параграфында диссертант М.К.Мамырбаева аймактык басма сөздүн жалпы басма сөздүн системасында алган

ордун жана ролун анын озгочөлүкторүн белгилөөгө аракеттенген, бирок толук, терең ачып бере алган эмес.

2. “Аймактык басма сөздү изилдөонүн методологиясы жана методдору” деп аталган экинчи главанын “Аймактык газеталардын негизги типтери” деген биринчи параграфында илимий изилдөөнүн колдонулган меттоддорун ачыи берүүгө аракеттенген, бирок аймактык газеталардын типтери толук корсөтүлбөй калган.

3. “Аймактар гезиттердин калыптанышы жети облустагы басма сөздүн мисалында” аттуу үчүнчү глава диссертациялык иштин эң манилүү болүгү. Аталган главанын “Ош жаңырыгы”, “Ош шаңы”, “Баткен таңы”, “Акыйкат” газеталарынын контентинин негизи проблематикасы жана аудиториясы» ден аталган биринчи параграф журналистиканын теориясы жана практикасы үчүн дагы баалуу болуп саналат. Диссертант М.К.Мамырова теориялык негиздерге таянуу менен аймактык газеталардын аспектилерин изилдеп чыгып жыйынтык берүүгө аракеттенген. Бирок, аймактык газеталарга жарыяланган журналисттик материалдын өзгөчөлүктөрүнө, журыалисттик чеберчиликтин критейлирине аз коңүл бурулган.

4. Аймактык басма сөздөрдүн материалдарынын негизги проблематикасы, мазмуну жана рубрикалары толук ачылбай калган.

5. Аймактык гезиттердин калынтанышы жана өнүгүүнүн өзгөчөлүктөрү

**7 Сунуштар:**

**Жетектөөчү** уюмду, **расмий оппоненттерди даярдоо жөнүндө** сунуштун **негиздүүлүгү.**

Диссертациалык кеңештин эксперттик коммисиясы бул кандидаттык диссертация боюнча **жетектөөчү уюм** катары 10.01.10-журналистика Б.Н.Ельцин атындагы Кыргыз-Славяи университетинин эл аралык журналистика кафедрасын бекитүүнү сунуш кылат.

**Биринчи расмий оппонент** катары изилдөөнүн проблемасына жана объектилерине жакын эмгектери бар филология илимдсринин доктору **Султанова Жыпар Оморованын** (Кыргыз-Славян университети) сунуштоого болот.

1. Жанровое своеобразие газет Кыргызстана в первые годы переходного периода (на материалах 1991-1992 гг.): Дисс...канд. филол.наук. - Душанбе, 2014.;

2. История, состав и значение нервой радиостанции “Кыргыз радиосу” (1931-2016 гг..): Дисс...д-ра филол.наук - Душанбе, 2019;

3. История создания и жанровые особенности первой кыргызскоязычной газеты «Эркин-тоо» (совр. «Кыргыз Туусу»)//Вопросы языка, литературы и искусства. - Бишкек: Институт языка и литературы им.

4. Т. Айтматова НАП КР, 2013. - №1,2 (13, 14). - С. 456-459; •

4. Особенности современных передач «Кыргыз радиосу»// Вестник Таджикского государственного университета права, бизнеса и политики. - Серия гуманитарных наук. - Худжанд, 2018. - № 2 (75). - С. 101-109;

5. Этапы становлеиия и развития радиостанции «Кыргыз радиосу»: монография. -Бишкек: Изд-во КРСУ, 2020. 200 с. ISBN 978-9967-19-720-6;

6. Проблемы влияния цифровых технологий на трансформацию медиаобразования на примере использования электронных книг и конвергентных СМИ / Ж. О. Султанова // Вестник Кыргызско-Российского Славянского университета. -- 2022. -- Т. 22. - № 2. - С. 161-165;

7. Тематические и структурные характеристики некоторых культурно-просветительских и образовательных детских телепередач в России и

\

Кыргызстане (на примере программ телеканалов "Карусель" и "Баластан") / Ж. О. Султанова // Вестник Кыргызско-Российского Славянского университета. - 2022. - Т. 22. - № 6. - С. 170-182.

**Экинчи расмий оппнент** изилдөөнүн проблематикасына, обьектисине жакын илимий эмгектери бар филология илимдеринин кандидаты **Акматбекова Жанара Адылбековнаны** сунуштоого болот.

1. Кыргызстанда 2010-2014-жылдар аралыгында телеберүүнүн өнүгүү тенденциясы Ж. Баласагын КУУнин жарчысы. 2015 №2 . – 66-71-б.
2. Кыргызстанда радиостанциялардын өнүгүү тенденциялары Ысык-Көл университетинин жарчысы. 2015 (40). – 266-270-б.
3. Kırgızistan'da 2010-2014 tarihleri arasında televizyonun gelişimi Эларалык түрк дүйнөсүн изилдөө симпозиуму (толук текст) 2015-жыл 20 –23-май, Казакстан, Алматы шаары. II том, – 144-148-б.
4. Свобода слова в СМИ Кыргызстана http://www. aprobacia.ru/ Научный журнал Апробация г. Махачкала, РФ. 2015, №11 (8). стр. 78-81.
5. Current state of Mass Media in Kyrgyzstan http://scirep.ru/ Вопросы науки г. Воронеж, РФ. 2015, Т 8. стр. 46-53.

**8. Сунуштамалар:**

Диссертациянын кеңейтилген вариантын монография катары иштеп чыгып, жарыкка чыгарууга болот.

**9. Коругунду** .

Мамырова Махабат Каримовнанын «Эгемендүү Кыргызстандын аймактык гезиттеринин онүгүүсү» (1991-2016-жылдар) деген темада жазылган кандидаттык диссертациясынын Кыргыз Республикасынын Улутгук аттестациялык комиссиясынын "Илимий даражаларды ыйгаруу тартиби" жонүндогү жобосупа ылайык аткарылган.

**10. Диссертациялык кеңештин эксперти сунушталган доккументтерди карап чыгып,** КР УИАнын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институту, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук

уңиверситети менен К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу илимдин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо үчүн түзүлгөн Д. 10.23.667- диссертациялык кеңешине 10.01.10-журналистика адистиги боюнча филология илимдеринин кандидагы окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган Мамырова Махабат Каримовнанын “Эгемендуу Кыргызстандын аймактык гезиттеринин өнүгүүсү” (1991-2016-жылдар) деген темадагы кандидаттык диссертациясын кабыл алууну сунуштаймын.

**Эксперт, филология илимдеринин**

**кандидаты, доцент**

**Эксперттик топтун мучөсүнүн колун** **А.А.Асанова**

**Д.10.23.667 Диссергациялык кеңешинин**

**окумуштуу катчысы, ф.и.к.** **Н.Ыйсаева**